**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ К-206 «30» 04 2021

Сизд.чыг. (На) №______ «___» ______ 20__

**Ы. Кулбековго
Дареги: Баткен облусу,
Кадамжай району,
Марказ айыл аймагы,
Сарыбай айылы,
С. Беркматов к., 12
Тел.: 0779964235
e-mail: aadylbek@internet.ru**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) Сиздин даттануунуузду карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 3-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, 21 жаш куракка толгон, жалпы орто билимден төмөн эмес билими бар, *тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү* жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланууга укуктуу.

Мыйзамдын 2-беренесине ылайык, **жергиликтүү жамааттын мүчөсү** - тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү туруктуу жашаган жерин каттоо жөнүндө жарандын паспортундагы белги менен аныкталат.

Ошол эле Мыйзамдын 62-беренесинин 2,3 бөлүктөрүнө ылайык, ***айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарын аныктоодо*** *Мыйзамдын 59-1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык* ***резервге калтырылган мандаттар талапкер аялдардын ортосунда бөлүштүрүлөт. Башка талапкер аялдарга караганда көбүрөөк добуштардын санына ээ болгон талапкер аялдар шайланган болуп таанылат.***

***Резервге калтырылган мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар калган талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт.*** *Добуш берүүгө катышкан тиешелүү шайлоо округунун шайлоочуларынын көбүрөөк добуштарынын санына ээ болгон талапкерлер (мандаттардын санына ылайык) шайланган болуп таанылат.*

Баяндалгандардын негизинде, Бөрубаева Мадина Эминтаевна, жергиликтүү жамааттын мүчөсү катары Марказ айылдык кеңешиндеги түзүлгөн шайлоо округдарынын биринен талапкер катары өзүн өзү көрсөтүүгө укуктуу. Ошо менен бирге А.С. Салиевага - 310 шайлоочулардын добуштары, андан кийин М.Э. Бөрубаевага - 186 шайлоочулардын добуштары берилгенге байланыштуу, Сиз көрсөткөн шайлоо округунда каралган 2 аялдар үчүн резерв *бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар калган талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт.*

**БШКнын мүчөсү,**
**Шайлоочулардын жана шайлоо**
**процессинин башка субъекттеринин**
**арыздарын жана даттанууларын**
**кароо боюнча**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**